Маметова Кызбурак Кожоевнанын "Шаар чөйрөсүн стресстик факторлордун таасирлеринен коргоодо бак-дарактардын экологиялык ролу" (адистиги 03.02.08 - экология) биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчинин

## ПИКИРИ

Диссертациянын изилдөө максаты катары Ош шаарынын шартында декоративдүү дарак жана бадал өсүмдүктөрүнүн түрлөрүнөн схемаларын аныктоо, айлана-чөйрөнүн ызы-чууга, чаңга, газдын булганышына туруктуулугун жогорулатуу, санитардык-гигиеналык абалын жакшыртуу үчүн аларды реконструкциялоонун экологиялык негиздемеси жана жана көрктөндүрүү жумуштарында практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Ош шаарында дарак породаларын жашылдандыруу тармагында пайдаланууда анын чөйрөгө карата экологиялык касиеттерин изилдөө курч көйгөйлөрдүн бири экендиги талашсыз. Шаардагы парктарда, көчө боюндагы скверлердеги, бульварлардагы дарак эгилмелерине түрдүү экологиялык факторлор таасирин тийгизүүдө.

Теманын, багыттын тандалышы, материал жыйноо, системалаштыруу, чечмелөө жана жалпылоо изденүүчү тарабынан жекече аткарылган. Сунушталган ой-пикирлер, көз-караштар, изилдөөдөн алынган илимий корутунду, жыйынтыктар изилдөөчүнүн өзүнө таандык. Диссертациялык изилдөөдө чогултулган материалдар көлөмдүү жана көп багытта классификацияланган.

Шаар чөйрөсүндөгү жашыл өсүмдүктөр санитардык-гигиеналык, рекреациялык, ландшафтык-архитектуралык, маданий жана илимий мааниге ээ. Жашыл өсүмдүктөрдүн негизги функциялары шаардын туруктуу өнүгүүсүн камсыздоого, адам баласы үчүн жашаган жеринде жагымдуу шарттарды түзүүгө, шаардын өнүгүүсү үчүн зарыл болгон табигый коомдоштукту жана биокөптүрдүүлүктү сактоого негизделген.

Шаар чөйрөсүнүн стресстик таасирлерине анча туруктуу болбогон өсүмдүктөрдүн дарак жана бадал түрлөрү менен көчөлөрдү жашылдандыруу

жай өсүүгө, кооздугун жоготууга жана өсүмдүктөрдүн эрте өлүшүнө алып келет. Бул көчөттөрдү оңдоо жана реконструкциялоо менен байланышкан олуттуу экономикалык жоготууларга алып келет жана экологиялык абалды жакшыртпайт. Мындай шарттарда өсүмдүктөрдүн экологиялык абалын жана жашоо жөндөмүн изилдөө актуалдуу, себеби урбанизацияланган чөйрөдө өсүмдүктөр санитардык-гигеналык жана эстетикалык кызматты аткарып турат.

Бул маселеде Ош шаарында жазы жана ийне жалбырактуу дарак өсүмдүктөрү толук изилденген эмес жана бул багытта илимий маалыматтар аз, ошондуктан жазы жана ийне жалбырактуулардын шаар чөйрөсүндөгү экологиясын изилдөө шаарды жашылдандыруунун жана жакшыртуунун натыйжалуулугун жогорулатат.

Диссертант көйгөйлөрдү туура көтөргөн жана аны изилдеген. Маселелерге байланыштуу изилдеген окумуштуулардын көз караштарына карата өзүнүн ой-пикирин эркин билдире алды. Маметова Кызбурак Кожоевнанын “Шаар чөйрөсүн стресстик факторлордун таасирлеринен коргоодо бак-дарактардын экологиялык ролу” аттуу темада 03.02.08 - экология адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы коргоого сунушталат.

**Илимий жетекчи:**
**айыл-чарба илимдеринин доктору,**
**профессор** **Б.Н. Шамшиев**

Подпись заверяю